**Д 10.23.667 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТИН 2023-жылдын 4-апрелинен 2024-жылдын 10-январына чейинки**
**ОТЧЁТУ**

Д 10.23.667 Диссертациялык кеңеш КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы КУУга жана К.Карасаев атындагы БМУга караштуу.

Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын 2022-жылдын 4-апрелиндеги №13 буйругунун негизинде бекитилген.

**а)** Диссертациялык кеңеште төмөнкү адистиктер боюнча докторлук (кандидаттык) диссертация коргоого кабыл алууга уруксат берилген:

10.01.01 – кыргыз адабияты

10.01.09 – фольклористика

10.01.03 – чет элдер адабияты (конкретүү адабиятты көрсөтүү менен)

**б)** төмөнкү адистиктер боюнча кандидаттык диссертация кабыл алууга уруксат берилген:

10.01.10 – журналистика

Д 10.23.667 Диссертациялык кеңеште 2023-жыл ичинде төмөндөгүдөй иштер аткарылды:

**I.** Өткөрүлгөн жыйындардын саны жөнүндө маалыматтар – 5.

**II.** Жыйынга себепсиз катышпай калган кеңештин мүчөлөрү жок.

**III.** Совет өзүнүн ишин жүргүзгөн мөөнөт аралыгында 2 кандидаттык, 1 докторлук диссертация корготту.

**Илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар:**

**Сардарбек кызы Нурайымдын** 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган **“Художественное своеобразие кыргызских переводов романов Ч.Айтматова”** деген темадагы докторлук диссертациясында Ч. Айтматовдун «Кылым карытаар бир күн», «Кыямат», «Кассандра тамгасы», «Тоолор кулаганда (Түбөлүк колуктуу)» романдарынын кыргызча котормолорун орус тилиндеги оригиналдуу тексттерге салыштыруу аркылуу карап чыгып, чыгармалардын көркөм өзгөчөлүктөрүнүн, мазмундук формасынын аспектилери, чыгармачылык ыкманын (чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүгүнө байланыштуу), жазуучунун идеалынын баалуулуктар деңгээлинде Ч. Айтматовдун романдарынын сюжеттик-композициялык, образдык түзүлүш, стилдик өзгөчөлүктөрүнүн кайра жаратуу процессиндеги адекваттуулугуна көңүл буруп, Ата-мекендик жана чет элдик окумуштуулардын жана адабият таануучулардын Ч. Айтматовдун романдык чыгармачылыгына арналган изилдөөлөрүнө аналитикалык баяндама берип, А. Жакыпбековдун чыгармачылык индивидуалдуулугун жана Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» романдарынын кыргызча котормолорундагы автордун түрдүү көркөм-концептуалдык өзгөчөлүктөрүн котормочу тарабынан кайра жаратуу жолдорун мүнөздөп, А. Жакыпбеков менен А. Токтогуловдун кыргыз тилиндеги котормолорунда Ч. Айтматовдун «Кылым карытар бир күн», «Кыямат» романдарынын психологиялык өзгөчөлүктөрүн жана концептосферасын бирдей чагылдыруу жолдорун аныктап, М. Төлөмүшевдин кыргызча котормосунда Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасы» романынын жанрдык өзгөчөлүктөрүн жана автордук концепциясынын табиятын ачып берүүгө, М. Төлөмүшевдин котормосунун мисалында «Кассандра тамгасы» романынын стилдик өзгөчөлүктөрүн берүүдөгү көйгөйлүү аспектилерди талдап, «Тоолор кулаганда» романындагы улуттук дүйнө таанымдын жана башка улуттук киргизүүлөрдү сүрөттөөнүн өзгөчөлүгүн көрсөтүп, С. Станалиев, Б. Сыдыкова менен Ж. Жөкүшова, ошондой эле А. Пазылов тарабынан ишке ашырылган «Тоолор кулаганда» романынын кыргызча котормолорундагы котормочулук

трансформациялардын мүнөзүн жана эквиваленттеринин өзгөчөлүгүн аныктап, кыргыз котормо таануу, адабият таануу багытында комплекстүү изилдөө жүргүзгөн.

Изилдөөчү тарабынан 24 илимий эмгек жарыкка чыккан.

**Илимий консультанты**: Филология илимдеринин доктору, профессор В. И. Шаповалов.

**Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар:**

**1. Сабыр уулу Амангелди –** 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча жазылган **"Манас" эпосундагы диний түшүнүктөрдүн калыптануу эволюциясы (С. Орозбаковдун варианты боюнча)"** деген темадагы кандидаттык диссертацияда С. Орозбаковдун вариантындагы «Манас» эпосундагы диний ишенимдердин – эволюциялык, символдук, функцияналдык маселелери каралып, системалуу анализ жасалат. Андан тышкары С. Каралаевдин, Тоголок Молдонун вариантындагы «Манас» эпосунда диний мотивдер менен салыштырып, манасчылык чеберчилигине илимий обьективдүү баа берет. «Манас» эпосун изилдөөдө тарыхый-салыштырма жана типологиялык методдорунан тышкары аналитикалык психологиянын методдору аркылуу алгачкы диний ишенимдердин көркөм функциясы, эволюциялык өсүп-өнүгүү процесси жана архетип символдорго ислам дининин элементтери келип киргендиги тууралуу идея анализденет.

Изилдөөчү тарабынан 11 илимий эмгек жарыкка чыккан.

Илимий жетекчиси: КР УИАнын академиги, ф.и.д., профессор А.Акматалиев.

**2. Элебесова Бурул Бекказиевнанын** 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча жазылган **"Кыргыз-түрк поэзиясында адам концепциясы"** деген темадагы кандидаттык диссертациясында Кыргыз жана түрк поэзиясында адам концепциясынын көркөм чагылдырылышына салыштырма планда изилдөө жүргүзүп, кыргыз жана түрк акындары ырларында, адам концепциясын чагылдыруудагы идеялык-көркөмдүк табылгаларын, дүйнө тааным өзгөчөлүктөрүн иликтеп, XX кылымдан берки кыргыз жана түрк ырларынын эволюциясынын маанилүү учурларын талдоого алуу, башкача айтканда жыйырманчы жылдан кийин жаралган айрым ырларды талдоого алган, кыргыз жана түрк поэзиясында коомдук-тарыхый процесс менен көркөм процесстин өз ара байланышын көрсөткөн, кыргыз жана түрк акындарынын ырларында адам концепциясынын коомдук-социалдык, философиялык-этикалык жактан үндөштүгүн талдоого алган, кыргыз, түрк акындарынын чыгармаларын социалдык жана психологиялык жактан, атуулдук, жарандык, адамдык, инсандык, мендеги мендик деген позицияларга бөлүп, комплекстүү анализ жүргүзгөн.

Изилдөөчү тарабынан 13 илимий эмгек жарыкка чыккан.

Илимий жетекчиси: филология илимдеринин доктору, профессор А. И. Мусаев

**IV. Илимдин кандидатынын окумуштуулук даражасын изденүүгө каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар**

| **Иштердин мүнөздөмөсү** | **10.01.01 – кыргыз адабияты** | | **10.01.03 – чет элдер адабияты** | | **10.01.09 - фольклористика** | | **10.01.10 - журналистика** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |

| | филология | филология | филология | филология | филология | филология | филология | филология |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер | — | — | — | — | — | — | — | — |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча оң чечим менен, анын ичинде башка уюмдардын | | 1 | | | | 1 | | |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча терс чечим менен, анын ичинде башка уюмдардан | — | — | — | — | — | — | — | — |
| Кошумча корутундулар берилген | — | — | — | — | — | — | — | — |
| 2023-жылдын 10-январына карата кароодо турат | | 1 (алдын-ала коргоого коюлуп, кайрадан иштөөгө жөнөтүлдү) | | | | | | 1 (алдын-ала коргоого коюлуп, кайрадан иштөөгө жөнөтүлдү) |
| | | | | | | | | |

**V. Илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденүүгө коюлуп, каралган диссертациялар жөнүндө маалыматтар**

| Иштердин мүнөздөмөсү | 10.01.01- кыргыз адабияты | | 10.01.03 – чет элдер адабияты | | 10.01.09 - фольклористика | | 10.01.10 - журналистика | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы | Илимдин тармагы |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
| | филология | филология | филология | филология | филология | филология | филология | филология |
| Изденүүчүнүн арызы боюнча кароодон алынып салынган иштер | | | | | | | | |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча оң чечим менен, анын ичинде башка уюмдардын | | 1 | | | | | | |
| Коргоонун жыйынтыгы боюнча терс чечим менен, анын ичинде башка уюмдардан | | | | | | | | |
| Кошумча корутундулар берилген | | | | | | | | |
| 2023-жылдын 10-январына карата кароодо турат | | | | | | | | |
| | | | | | | | | |

**VI Адистиктердин кошулушунда аткарылган диссертациялар жөнүндө маалыматтар**

| **Диссертациянын түрү (докторлук, кандидаттык)** | **10.01.01 – кыргыз адабияты** | **10.01.09 - фольклористика** | **филология** |
|---|---|---|---|
| Жок | | | |
| Жок | | | |

**Д.10.23.667 Диссертациялык**
**кеңештин төрагасы**
**О. Ибраимов**

**Д.10.23.667 Диссертациялык**
**кеңештин окумуштуу катчысы**
**Н.Ыйсаева**